Кабыл алды:
Мектеп педагогикалык кеңешинин чечими
№ 1 протокол 2017 -жылдын 28.08

Бекитилди:
Мектептин директору
Г.М.Оторбаева
"28" 08 2017-жыл

# Шабдан Ата атындагы орто мектебинин мектеп мугалимдеринин натыйжалуу иштешине материалдык түрткү берүү жөнүндө ЖОБО

## 1.Жалпы жоболор

1.1 Иштин натыйжалуулугу үчүн мугалимдерге материалдык түрткү берүү жөнүндөгү бул жобо (мындан ары –ЖОБО) минималдык стандарттардын негизинде бюджеттик каржылоонун киши башына карай эсептөө принцибине өткөрүлгөн жалпы билим берүү уюмдарындагы кызматкерлерге эмгек акы төлөө боюнча Убактылуу жобонун негизинде иштелип чыкты.(КР БИМ 2008-жыл,5-июндагы № 330/1 буйругу)

1.2 Бул жобо мектепте окуу жана тарбия процесстеринин сапатын жогорулатуу чыгармачылык активдүүлүктү жана демилгени өнүктүрүүгө, өзүнүн кызматтык милдеттерин чын пейили менен аткарууга мугалимдердин материалдык кызыгуусун күчөтүү максатында иштелип чыкты.

1.3 Мугалимдерге материалдык түрткү берүү Шабдан Ата атындагы жалпы билим берүү орто мектептин педагогикалык жамаатынын Эмгек акы төлөө фондунун (ЭТФ) түрткү берүүчү бөлүгүнүн чегинде квартал сайын (же ай сайын) жүргүзүлөт.

1.4 Иштин натыйжалуулугу үчүн мектеп мугалимдерине кошумча акы төлөө өлчөмү мектептин Эксперттик комиссичсы көрсөткөн мугалимдердин тизмеси боюнча директордун буйругу менен бекитилет.

## 2.Түрткү берүү шарттары

2.1 МУгалимдин түрткү берүүчү төлөмдүн өлчөмүнө таасир берген негизги көрсөткүчтөр болуп мугалимдин ишинин натыйжалуулугун баалоо критерийлери жана көрсөткүчтөрү саналат.

2.2 Мугалимдин ишинин натыйжалуулугун баалоо (НИБ) критерийлери жана көрсөткүчтөрү окуу жылдын башында мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан бекитилет.

**3.Эмгекке катышуу коэффицентин эсептөө**

3.1 Мектептин мугалимдерине ишинин натыйжалуулугуна түрткү берүүчү төлөм тутуму эмгекке катышуу коэффицентинин (ЭКК) эсептөөгө негизделет.

3.2 Мугалимдин ЭКК анын ишинин натыйжалуулугун баалоо көрсөткүчтөрүнүн сандык чоңдуктарын (баллдарды) суммалоо менен аныкталат. ЭКК натыйжалары таблица түрүндө көрсөтүлөт.

3.3 Түрткү берүүчү төлөмдөрдү эсептегенде мектептин эксперттик комиссиясы жан мугалимдердин усулдук бирикмелери ортосунда бөлүштүрүү тартиби жана чоңдугу жөнүндөгү буйругун жетекчиликке алат.

3.4 Эксперттик комиссиянын курамы жана ыйгарым укуктары профсоюздук комитетте макулдашылып, мектептин педагогикалык кеңешинин чечими чыккандан кийин мектеп директорунун буйругу менен бекитилет.

3.5 Уюмдун эксперттик комиссисясы кызматкерге кошумча / түрткү берүүчү эмгек акы бербей коюшу мүмкүн.